# ЧУКУЛ АРАКЕТ

## ЖУРНАЛИСТТЕР ЖАНА МЕДИА КЫЗМАТКЕРЛЕРИН БОШОТУУ ТАЛАБЫ

**16-январда милиция кызматкерлери Кыргызстанда коррупция боюнча айыптоолорду иликтеген эки көз карандысыз "Айт Айт десе" жана "Темиров LIVE" медиа-долбоорлорунун мурдагы жана учурдагы 11 кызматкеринин үйүндө тинтүү жүргүздү. Алардын арасында "Темиров LIVE" каналынын жетекчиси Махабат Тажибек кызы жана 23 жаштагы фактыларды текшерүүчү Айке Бейшекеева да бар. Социалдык тармактарда жарыяланган видеодон келип чыккан "Бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө жана массалык башаламандыктарга чакырыктар, ошондой эле жарандарга зомбулук көрсөтүүгө чакырыктар" боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында 11 адамдын баары сурак берүү үчүн камакка алынган. Эми аларга расмий айып тагылып, тергөө абагында отурушат жана 10 жылга чейин эркинен ажыратылышы мүмкүн. 12-марттан 9-апрелге чейин алты журналист тергөө абагынан үй камагына которулуп, бирөө эч жакка кетпөө тил катынын негизинде чыгарылды. Бирок аларга коюлган айыптар алынып салынган эмес. Ал эми Махабат, Айке жана дагы эки журналист камакта калтырылды.**

### ЧУКУЛ АРАКЕТ КӨРҮҢҮЗ: ӨЗ СӨЗҮҢҮЗ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ ЖОЛДОҢУЗ ЖЕ БУЛ КАТТЫН ҮЛГҮСҮН КОЛДОНУҢУЗ.

***Садыр Жапаров***
***Кыргыз Республикасынын Президенти***
*Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы*
*Абдумомунов көчөсү 207*
*720003, Бишкек шаары*
*Кыргыз Республикасы*

*Урматтуу Президент,*

*Мен, Махабат Тажибек кызынын, Айке Бейшекееванын жана "Айт Айт десе" жана "Темиров LIVE" долбоорлоруна тиешеси бар башка тогуз журналисттин жана медиа кызматкерлеринин өз билемдик менен кармалып, кылмыш жоопкерчилигине тартылышына тынчсыздануумду билдирүү үчүн кайрылып жатам.*

*Аларга социалдык тармактарда жарыяланган видеонун негизинде "* Бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө жана массалык башаламандыктарга чакырыктар, ошондой эле жарандарга зомбулук көрсөтүүгө чакырыктар*" боюнча кылмыш иши козголду. Журналисттер аларга коюлган айыптарды четке кагууда. Коюлган айыптардын журналисттерди бийликти сындаганы үчүн аларды жазалоо ирээтинде сөз эркиндигин бузуу менен болуп жатканы мени тынчсыздандырууда.*

*5-апрелде тергөө абагында Махабаттын кыйноого алынганы же башка катаал мамилеге дуушар болгондугу тууралуу маалымат мени абдан капалантты. Кыргызстандагы Адам укуктары боюнча Акыйкатчы институту абак кызматкерлери аны камерада сабап, денесинин өйдө жагында көгала тактар калганын ырасташкан.*

***Мен Сизден,***

***Махабат Тажибек кызына, Айке Бейшекеевага жана "Темиров LIVE" жана "Айт Айт Десе" медиасынын дагы тогуз журналистин токтоосуз бошотууга жана аларга коюлган бардык айыптарды алып салууга болгон күчүңүздү колдонуп, алардын Кыргызстандагы кесиптик ишмердүүлүгүн эркин жана тоскоолдуксуз улантууга мүмкүнчүлүк берүүңүздү сурайм. Ошондой эле, Махабат Тажибек кызы менен Айке Бейшекеева бошотулганга чейин, аларды камакта кыйноолордон жана башка катаал мамиледен коргоону камсыздоону өтүнөм.***

*Урматтоом менен,*

# КОШУМЧА МААЛЫМАТ

16-январда милиция кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн ыкчам операциянын жүрүшүндө “Айт Айт десе” жана “Темиров Live “долбоорлоруна тиешеси бар 11 журналист жана медиа кызматкерлери сурак берүү үчүн кармалып, Ички иштер министрлигине (ИИМ) алып келинген. Аларга ИИМдин көзөмөлүндө турганда адвокат менен жолугушууга мүмкүнчүлүк берилбей, 30-январда 11 адам тең Бишкек шаарындагы №1 тергөө абагына киргизилген.

ИИМдин маалыматы боюнча, массалык тинтүү жана кармоолор “бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына активдүү баш ийбөөгө жана массалык тартипсиздиктерге чакырыктар, ошондой эле жарандарды зомбулукка чакырыктар” (Кылмыш-жаза кодексинин 278-беренинин 3-бөлүгү) беренелери боюнча козголгон кылмыш ишинин негизинде аткарылган. 2023-жылдын 13-декабрында “Youtube” каналында жарыяланган видеонун лингвистикалык экспертизасынын корутундусу буга башкы себеп болгон. Азыр 11 адамдын бардыгына тең айып тагылып, алар муну бийликти сындагандары үчүн саясий куугунтук деп жүйө келтирип жатышат.

Тинтүүгө аланып, камакка алынгандардын арасында эки аял, Махабат Тажибек кызы жана Айке Бейшекеева да бар. Махабат Тажибек кызы “Темиров LIVE” медиа-каналынын жана анын “Айт Айт десе” кошумча долбоорунун жетекчиси, ошондой эле бозгундагы журналист жана “Темиров LIVE”дын негиздөөчүсү Болот Темировдун жубайы. Махабатка жогоруда айтылган айыптардан тышкары “массалык баш аламандыкты уюштуруу” беренеси боюнча дагы айып тагылып жаткандыктан, ал 10 жылга эркинен ажыратылышы мүмкүн. Айке Бейшекеева - фактыларды текшерүүчү жана журналист, ал камакка алынган күнү 23 жашка жаңы чыккан. Айке сегиз жылга эркинен ажыратылышы мүмкүн.

Кармалган 11 адамдын алтоосу учурда “Айт Айт десе” жана “Темиров LIVE” долбоорлорунда иштебейт жана кылмыш ишин козгоого негиз болгон мазмунду түзүүгө жана аны жарыялоого эч кандай тиешеси жок. 12-мартта Бишкектин Биринчи май райондук соту 11 журналисттин баш коргоо чарасын караган. Соттун чечими менен Махабат Тажибек кызы менен Айке Бейшекеева баш болгон сегиз адам дагы эки айга, 13-майга чейин абакта калтырылган. Эки адам үй камагына, бир адам эч жакка кетпөө тил катынын негизинде абактан чыгарылган. 9-апрелде дагы төрт адам үй камагына чыгарылды. Бирок Махабат Тажибек кызы менен Айке Бейшекеева жана башка эки журналист камакта калтырылды.

6-апрелде Махабат Тажибек кызы менен анын эки камералашы №1 тергөө абагынын күзөтчүлөрү тарабынан сабалганы маалым болду. Муну тергөө абагына барган Кыргызстандын Адам укуктары боюнча Акыйкатчы институтунан жана Кыйноолорду алдын алуу боюнча улуттук борбордун өкүлдөрү тастыкташкан. Алар Махабат Тажибек кызынын эки колунда, сол жаагында жана сол колтугунда көгала тактар бар экенин аныкташкан. Бирок тергөө абагынын кызматкерлери көк ала тактарды документтештирүүдөн баш тартышкан. Алар ошондой эле ар кандай катаал мамиле болгонун четке кагышты. Башкы прокуратура катаал мамиле боюнча иликтөө иштерин баштаганы кабарланды.

“Temirov LIVE” 2020-жылдын январь айынан бери иштеп келет. Анын кызматкерлери жана өнөктөштөрү бийлик тарабынан тынымсыз кысымга кабылууда. 2022-жылдын январь айында баңгизат менен күрөшүү кызматкерлери “Темиров LIVE” кеңсесин тинтип, Болот Темировду камакка алган. 2022-жылы ноябрында Орусиянын жана Кыргызстандын паспорттору менен жүргөн Болот Темиров бийликти сындаганы үчүн жооп катары Кыргызстандын жарандыгынан ажыратылып, Орусиянын Москва шаарына күч менен депортацияланган. Бийлик аны Кыргызстандын жарандыгын мыйзамсыз алган жана мамлекеттик чек араны кесип өткөн деп айыптаган.

Amnesty International уюму Кыргызстанда сөз эркиндигине болгон укуктун начарлашын, анын ичинде көз карандысыз маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгүн жабылышын же чектөөсүн, активисттерди кылмыш жоопкерчилигине тартууну, анын ичинде “Кемпир-Абад окуясы“ деп аталган фактыларды документтештирип келет.

**КАЙРЫЛУУ ЖОЛДОО ҮЧҮН КОЛДОНУУЧУ ТИЛДЕР**: Кыргыз / Орус
Сиз өзүңүз каалаган тилде да жаза аласыз.

**МҮМКҮН БОЛУШУНЧА ТЕЗ АРАНЫН ИЧИНДЕ АРАКЕТ КӨРҮҢҮЗ:** 2024-жылдын 24-майына чейин.
Кайрылууну белгиленген мөөнөттөн кийин жөнөтүүнү каалаСаңыз, өлкөңүздөгү Amnesty уюмунун кеңсесине кайрылыңыз.

**ЫСЫМДАРЫ ЖАНА КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН:** Махабат Тажибек кызы, Айке Бейшекеева